**Нарын медициналык колледжинин академиялык беделди жогорулатуу боюнча 2022-2023-окуу жылына түзүлгөн иш план боюнча аткарылган иш-чаралар тууралуу маалымат**

**1.Академиялык мобилдүүлүк боюнча иш алып баруу**

Медициналык колледждер арасында академиялык мобилдүүлүк программасынын алкагында студенттер менен алмашып окутуу иштери жүргүзүлүүдө. Азыркы тапта НМКнын студенттери 1-МИ(Б) тайпасынан Кайтбек кызы Жыргалбүбү жана 3-МИ(к) тайпасынан Нурланбек к Альбина Токмок медициналык колледжинде билим алып жатышат.

Тажрыйба алмашуу максатында НМКга KOICA эл аралык уюму тарабынан "Медициналык иш" багытында келген ыктыярчы Сонг Хеюн "Сестралык иштин негиздери" предметинен түзүлгөн план боюнча бир нече лекцияларды жана практикалык сабактарды студенттерге өтүп

берүүдө.

**2.Социалдык өнөктөштөр менен кызматташуу боюнча иш алып барууда "Биринчи жардам көсөтүүнүн" ыкмаларын окутуу боюнча маалымат.**

Социалдык өнөктөштөргө жана Нарын шаарынын мэри К. Тутуевдин буйругунун негизинде Нарын шаардык мэриясынын жана мекеме, ишканаларынын кызматкерлерине берилген графиктин негизинде Нарын медициналык колледжинин окутуучулары (тренерлер) тарабынан "Биринчи жардам көсөтүүнүн" ыкмаларын окутуу жүргүзүлдү. Окутууда бир нече темалар боюнча маалымат берилди:

- ӨЖР (өпкө – жүрөк реанимациясы);
- кан агуулардын түрлөрү жана жардам көрсөтүү;
- калыбына келтирүүчү абалга жаткыруу;
- сыныктардын түрлөрү жана жардам көрсөтүү;
- дем алуу жолдору бүтөлүп калганда жардам көрсөтүү (метод Хаймлиха);
- күйүктө жана үшүк алуудагы жардам;

Ошондой эле өздөрү кызыккан суроолорго жооптор берилип жатты. Окутуунун соңунда тренерлер тарабынан онлайн сурамжылоо жүргүзүлүп, катышуучулар тарабынан Нарын медициналык колледжинин жетекчисине жана тренерлерге алкыштар, калоо тилектер айтылды.

**“Биринчи жардам көсөтүү” курсуна катышкан мекеме ишканалардын кызматкерлери:**

- КР Финансы жана экономика министрлигинин Нарын башкармалыгы **-11** кызматкер
- Нарын шаардык ички иштер бөлүмү – **18** кызматкер
- Нарын шаардык суу канал ишканасы – **24** кызматкер
- Нарын шаардык “Таза - Нарын” ишканасы – **11** кызматкер
- Нарын шаардык муниципалдык менчикти башкаруу жана калкка кызмат көрсөтүү ишканасы – **11** кызматкер
- Нарын шаардык жашылдандыруу ишканасы – **9** кызматкер
- Нарын шаардык балдар - өспүрүмдөр спорт мектеби – **11** кызматкер
- Нарын шаардык бириктирилген аскер комиссариаты – **9** кызматкер
- Нарын район аралык жылуулук берүү ишканасы – **1** кызматкер
- УВД, ППС жалпы **-107** кызматкер
  Жалпы 203 кызматкер “Биринчи жардам көсөтүү” курсуна катышты.

**Сурамжылоонун анализи** : Сурамжылоого 203 социалдык өнөктөштөрдүн ичинен 146сы онлайн түрүндө жооп беришти.
138(94,5%) ашык Нарын медициналык колледжи тууралуу маалыматыбыз бар жана биринчи жардамды окуутуда тренерлердин ишмердүүлүгүнө 140(95,9%) кызматкерлери эң жакшы деген баа беришкен. Дагы кандай темадагы окууларды каалайт элеңиз деген суроого көпчүлүк кызматкерлер ушул эле тармакта биринчи жардам көрсөтүүнү квартал сайын өтүп турушса деп ой пикирлерин айтып өтүштү.

**Кесипке багыт берүү иштери**

Кесипке багыт берүү иши НМКнын жалпы педагогикалык жааматынын жардамы менен активдүү жүргүзүлүп келүүдө. Белгиленген мектептерге аталган колледж жөнүндө кеңири маалыматтар мультимейдиялык презентация аркылуу берилип, жарнамалык материалдар (буклеттер) таратылды. 2023- жылдын 28-31- март күндөрү колледждин окутуучулары  Нарын шаарындагы орто мектептин бүтүрүүчүлөрү менен жолугушуп, кесипке багыт берүү максатында түшүндүрүү иштерин жүргүзүшүп келишти. Ал эми Нарын облусунун баардык райондорунун, айылдарынын мектептеринде абитуриенттерди  кабыл алуу боюнча, мектептин   бүтүрүүчүлөрүнүн  арасында  кесипке багыт берүү иштери азыркы учурга чейин өткөрүлүп келүүдө.

Ошондой эле 2023-жылдын 6-апрель күнү М.Рыскулов атындагы Нарын облустук академиялык музыкалык драма театрында кесипке багыт берүү боюнча ачык эшиктер күнү  уюштурулду. Иш-чаранын биринчи бөлүгү Нарын шаарындагы орто метептин бүтүрүүчүлөрүнө колледждин студенттери тарабынан бир нече манипуляциялар боюнча мастер класстар көрсөтүлдү. Андан соң кесиптик багыт алууда адистиктер боюнча кеңири маалыматтар мультимейдиялык презентациялар менен коштолду.

Иш-чаранын соңунда аталган колледждин студенттердин "Театр студиясы" тарабынан улуу жазуучу Чыңгыз Айтматовдун " Эрте келген турналар" повестин сахналаштыруу менен спектакль коюшту.

Кесипке багыт берүү максатында мектеп окуучулары үчүн  НМКде экскурсиялар азыркы учурга чейин өткөрүлүп келүүдө

**Нарын облусунун ички иштер бөлүмүн кызматкерлери менен “Жаштар арасында зордук-зомбулуктун алдын алуу темада жолугушуу өткөрүлдү.**

28.02.2023-01.03.2023-ж. Нарын облусунун ички иштер башкармалыгы жана Б.А.Темирканова  жетектеген НМКнын Театр студиясы менен биргеликте  "Балдар арасында укук бузулуулардын, кылмыш, кырсыктардын алдын алууга" багытталган иш-чара уюштурулуп,  Нарын шаарындагы жана районундагы орто мектептердин жогорку класстагы окуучуларына театрлаштырылган сценка коюшту.

Театрлаштырылган сценкада студенттер өзгөчө чыгармачылык даярдыктарды көрсөтүп, турмуштук маанилүү учурларды көркөм чагылдырып  беришти.

**3.Иш берүүчүлөр менен иш алып баруу**

**НМкнын бүтүрүүчүлөрдү чет өлкөгө жумуш менен камсыз кылуу мүмкүнчүлүктөрү боюнча иштер уланууда**

Япония өлкөсүнө студенттерди жумуш менен камсыздоо максатында "Okinawa relationship" компаниясы менен түзүлгөн келишимдин негизинде кызматташуу келишимдер түзүлүп, 2021-2022-окуу жылынын бүтүрүүчүлөрү 1-поток менен 2 студент (ДИ), 2-поток менен 1студент (Фарм) кызыбыз  Япония өлкөсүндөгү Окинава шаарында 3 ай стажировкадан өтүп келишти. Азыркы тапта 3-Лаб.Д жана 3-АД тайпаларынан 8 студент кыздарыбыз 3-поток менен япон тилинде окуп жатышат.

Германия өлкөлөрүнө студенттерди жумуш менен камсыздоо максатында, «EDUVIZO" компаниясы менен кызматташуу келишимдер түзүлүп, 1- курстун студенттери окуу курстарына катышып, А1баскычынан өтүштү.

**3.Маалыматтарды таркатуу**

Нарын медициналык колледжинин ишмердиги жөнүндө социалдык тармактарга, сайттарга убагы менен маалыматтар   жарыяланып жатат. Ал эми үстүбүздөгү жылы сайттын дизайн өзгөртүлүп, азыркы тапта сайтка маалыматтар толукталып киргизилип жатат.

Заявка

| № | Название | Автор | Год издания | Цена |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Учебное пособие по Первой помощи | А.И. Дежурный, Ю.С. Шойгу, С.А. Гуменюк, Г.В. Неудахин, А.Ю. Закурдаев, А.А. | 2018 | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | Колодкин, О.Р. Куров, Л.Ю, Кичанова, А.А. Эмке | | |